**КЫРГЫЗ ТИЛИ** **6-Класс** **Вариант F**

Окуучунун аты -жөнү _____________________________классы_______

**1-бөлүм. Тест тапшырмаларынын саны – 22**

Бул бөлүм **жооптордунун ичинен 1 гана туура жоопту** белгилей турган тест тапшырмалардан турат. Ар бир тапшырмага жооптун 4 варианты берилген. Алардын ичинен бир гана жооп туура. Тандаган жоопту тегеректегиле.

**№1.** Көп маанилүү сөздөрдү белгилегиле.
а) кымыз, жылкы б) ак, кара в) эт, жара г) камыр, жарма

**№2.** Сүйлөмдө асты сызылган сөздүн өтмө маанисин белгилегиле.
Энемдин колу алтын адам эле.
а) билгич, татынакай б) кереметтүү, сымбаттуу
в) чебер, жөндөмдүү г) татынакай, акылдуу

**№3.** Сөз жасоочу мүчө уланган сөздү белгилегиле.
а) китепке б) китепкана
в) китептер г) китептерди

**№4.** Тексттеги ойдун башталышына мисалды белгилегиле.
а) Эртең кайсы жерден жолугалы, кеңешели.
б) Сенин ушинтип түшүндүргөнүң мага жагат.
в) Мынакей, ошол күн да бизге келип жетти.
г) Бул уюм мындан 30 жыл мурун түзүлгөн.

**№5.** Ошентип, Балыкчы шаарында 2 жыл иштеп, үйгө кетебиз деп жаткан элек.
Тексттин бөлүгүн белгилегиле.
а) ойдун өнүгүшү б) ойдун башталышы
в) ойдун жыйынтыкталышы г) тексттин планы

**№6.** Кесип тандоодо эмнеге көңүл буруу керек? Биринчи, сенин эмнеге шыгың бар, эмнеге кызыгасың? Сенин алган кесибине көңүлүң толбосо дагы болбойт. Экинчи, акчасына дагы карашың керек, анткени сен эмгегиң менен өзүңдүн жаныңды багышың керек.
Тексттин далилдөөчү, корутунду бөлүгүн белгилегиле.
а) Кесип тандоодо эмнеге көңүл буруу керек?
б) Биринчи, сенин эмнеге шыгың бар, эмнеге кызыгасың?
в) Сен алган кесибине көңүлүң толбосо дагы болбойт.
г) Анткени сен эмгегиң менен өзүңдүн жаныңды багышың керек.

**№7.** Кептин түрүн белгилегиле.
Таң атып, жер-жердин баары күндүн алтын аралаш нурлары менен толуп келе жатат. Күндүн нуру менен чөпкө түшкөн кыроолор жылтылдап, күмүштөй болуп жаркырашты, эртең мененки салкын желаргы чөптөрдү түнкү терең уйкусунан терметип ойготту. Чөптөргө түшкөн кыроолор тамчы-тамчы болуп мөлтүрөп жерге куюлду.
а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү г) сүйлөшүү

**№8.** Кептин түрүн белгилегиле.
Бүгүн, 16-сентябрда Бишкекте өлкөнүн аймактарын өнүктүрүүгө багытталган форум өткөрүлдү. Тажрыйба алмашуу үчүн бул иш-чарага 100дөн ашык адам катышты.
а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү г) сүйлөшүү

**№9.** Кептин түрүн белгилегиле.
Эс алууга эмне көтөрүп келсеңиз, эч нерсени калтырбай кайра алып кетиңиз. Сизден калган нерсенин жаратылышка бир тыйынча пайдасы жок. Мисалы, адистер желим бөтөлкө 500 жылдан тарта 1000 жылга чейин чирий турганын айтат. Демек, жаратылыш койнунда калган бир бөтөлкө сиздин чөбөрө, кыбыраңыз жашап өткүчө ошол жерде жатканы жаткан.
а) баяндоо б) сүрөттөө в) ой жүгүртүү г) сүйлөшүү

**№10.** Расмий иш кагаздарын белгилегиле.
а) буйрук б) программа в) тил кат г) арыз

**№11.** Төмөндө берилген иш кагаздарынын стилин белгилегиле:
арыз, кулактандыруу
а) расмий-иштиктүү  б) расмий  в) илимий  г) расмий эмес

**№12.** Көркөм стилге мүнөздүү сүйлөмдү белгилегиле.
а) Бул Кыргызстанда жүргүзгөн абдан кеңири иликтөө болду
б) Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү чогулуш эртеңкиге жылдырылды!
в) Бул маалымдама тиешелүү жерге көрсөтүү үчүн берилди.
г) Кедейликтин дартынан, тышым жалын, ичим чок

**№13.** Канатова Саранын Манас көчөсүнүн №26 үйүндөгү 1-батиринде жашагандыгы анык.
Берилген сүйлөм мүнөздүү болгон иш кагазынын түрүн белгилегиле.
а) мүнөздөмө  б) буйрук  в) маалымдама  г) арыз

**№14.** Диалектилик сөздү белгилегиле.
а) чарык  б) чалап  в) челек  г) чүрөк

**№15.** Орфография, механика, хор, нота.
Сөздөрдүн мүнөздөмөсүн белгилегиле.
а) неологизмдер  б) кесиптик лексика  в) говорлор  г) калькалар

**№16.** Коомдук-саясий терминди белгилегиле.
а) демократ  б) гипсокартон  в) текстиль  г) аныктооч

## ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ

**2-бөлүм. Тест тапшырмалардын саны - 9**
**Тексттерди окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.**

### ЭМНЕ ОҢОЙ?

Нурдан, Бакыт, Эсен үчөө айылдын үстүндөгү тоодогу токойго келишти. Бул жерде жаратылыш токою менен адамдар тиккен карагай, кайыңдар, шилби, терек дүркүрөп өсүп калың токойго айланган. Токойдо карагат, кожагат, өрүк, теги койчу, баары бар, жайнап жатат. Козу карынды терип түгөтө албайсың. Чурулдаган куштардан башың адашат. Тыйын чычкандар жаныңа чейин келишет. Бул жактан алар айылдын малын жайып келген балдар менен кездешишти. Жанына ала келген тамактарды жеп кардыларын тойгузушту. Балдар кубалашып, күрөшүп, аябай ойношту. Ошентип күн тез эле өтүп кетти. Кантип кеч кирип кеткенин сезбей да калышты. Мына, азыр алар үйлөрүн көздөй коркуп келе жатышат.

-Үйдөн бизди урушат!

Алар жолдо токтоп, ойлонуп калышат: калп айтабызбы же чынбы?

Бакыт: - Атама айтам, токойдо карышкыр жүрүптүр, мага кол салайын деп кубалады. Мен жашынган жерден чыга албай отурдум дейм. Атам коркуп, мени урушпай калат. – деди.

Эсен: - Чоң атама жолугуп калып, чөп чабыштым дейм. Апам сүйүнүп, мени урушпайт. – дейт.

- Мен чындыкты айтам, - дейт Нурдан. - Чындык дайыма оңой жана эч нерсе ойлоп табуунун кереги жок.

Балдар үйгө келишти. Бакыт атасына карышкыр жөнүндө айтып баштап келаткан. Бир маалда токойчу келип калды. Ал Бакыттын атасынын теңтушу, классташы, токой чарбасынын жумушчусу.

Бакытты угуп, - Бул жерлерде карышкыр жок, -деди.

Атасы жини келип, ачууланып, уулун кечке жемеледи.

Эсен чоң атасы жөнүндө айтып баштаган. Карсылдап күлүп, төрдө отурган чоң атасы башын чайкады. Чоң ата алардыкына эртең менен эле конокко келген эле. Баласынын алдап жатканына апасы капаланды. Эми ал жазасын сөзсүз алат.

Нурдан келип чындыкты айтты. Эжекеси аны кечирди.

**№17. Балдар токойдон эмнеге кеч келишти?**
А) чоң атага жолугуп калышып чөп чабышышкандыктан
Б) карышкырга жолугушуп, аны кууйбуз деп жүрүшүп
В) мал жайган балдар аларды жибербей кармап коюшкан
Г) ойноп жүрүшүп, убакыттын өткөнүн сезбей калышты

**№18. Эмне үчүн ата менен апа балдарын жазалады.**
А) токойго баргандары үчүн  Б) чоң атага кезиккени үчүн
В) алар калп айтканы үчүн  Г) токойчуга кезиккени үчүн

**№19. Нурдан жазаландыбы? Эмнеге? Жообун түшүндүрүп жазгыла.**

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**№20. Эмнеге чындыкты айтуу оңой? Жообун түшүндүрүп жазгыла.**

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**Жаңы жылдык жарнама менен таанышып чыккыла.**

**Бишкекпаркта**




**Тапшырмаларды аткаргыла.**

**№21. Жаңы жылдык оюн-зоок программалары кимдерге арналган?**

А) Аяз кызга Б) Аяз атага В) Балдарга Г) Сантага

**№22. Оюн-зоок программалары кайсы жерде өтөт?**

А) кышкы токойдо Б) муз аянтында

В) Түндүктө Г) муздак жерде

**№23. Муз тебүү боюнча чеберчилик классына катышуу үчүн качан, канчада барыш керек? Жообуңарды жазгыла.**

______________________________________________________________

**№24. Кече кимдерге арналган? Кечеге катышуунун баасы канча? Жообуңарды жазгыла.**

______________________________________________________________